КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

"Бекитем"
ОшМПУнин ректору,
п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев
2021-ж.

МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ БӨЛҮМҮ

ЖОБО

КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

Ош мамлекеттик педагогикалык университети

1. Жалпы жоболор

1.1.Квалификацияны жогорулатуу (мындан ары – ММКЖ) бөлүмү А Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети (мындан ары – ОшМПУ) Мектеп мугалимдеринин квалификацияны жогорулатуу бөлүмү (мындан ары – ММКЖ) бөлүмү болуп саналат.

1.2. ММКЖ бөлүмү өзүнүн ишмердигинде КР Конституциясын, КР Эмгек кодексин, "КР Билим берүү жөнүндө" КР Мыйзамын, жалпы орто билим берүү жана жогорку, орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окуу жана илимий-методикалык ишмердиктерин жөнгө салуучу КР Өкмөтүнүн, КР Билим берүү жана илим министрлигинин башка ченемдик укуктук актыларын, ММКЖ жобосун, ОшМПУнун Уставын, университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ректордун буйруктарын жана тескемелерин жана ушул Жобону колдонууга алат.

1.3.ММКЖнун ишмердигин мектеп мугалимдеринин квалификацияны жогорулатуу болүмү (мынан ары – ММКЖ бөлүмү) тарабынан тике башкаруу жүргүзүлөт.

1.4.ММКЖ кызматкерлеринин штаттык санын бөлүм жетекчисинин көрсөтмөсү боюнча программанын шарттарына жана ишмердигинин өзгөчөлүктөрүнө жараша университеттин ректору бекитет. ММКЖ бөлүмүнүн кызматкерлеринин кызматтык милдеттери алардын кызматтык нускамаларында аныкталат.

1.5. ММКЖ программасына угуучуларды кабыл алуу планынын негизги жылдык көрсөткүчтөрү университеттин ректору тарабынан түзүлөт. ММКЖ курстарынын угуучуларды кабыл алуу планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө жана профессордук-окутуучулар курамынын квалификацияларын жогорулатуунун жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар университеттин кадр бөлүмүнө берилет.

2. Максаттары жана милдеттери

2.1. ММКЖ бөлүмүнүн ишмердигинин негизги максаты, квалификация деңгээлине карата талаптардын жогорулагандыгына жана жалпы кругозорду кеңейтүүнүн заманбап усулдарын (ыкмаларын) өздөштүрүүнүн зарылдыгына байланыштуу университеттин окутуучулар курамынын теоретикалык жана практикалык билимдерин жаңыртуу болуп саналат.

2.2. ММКЖ бөлүмүнүн өзүнүн негизги милдеттери бар:

- республиканын, жалпы орто билим берүүчү мектептердин, университеттин жана башка жогорку окуу жайларынын педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууда керектөөлөрдү канааттандыруу;
- педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну уюштурууну жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- окуу процессин, илимий-методикалык иштин, окутуунун иновациялык формаларын жана ыкмаларын уюштуруунун жаңы тажрыйбасын жалпылоо жана жайылтуу;
- билим берүү системасынын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуунун актуалдуу көйгөйлөрү боюнча илимий-усулдук иштерин аткаруу;
- мектем мугалимдердин, окутуучулардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жолу менен угуучулар менен болгон иштердин психологиялык жана тарбиялык аспектилерин жакшыртуу;
- педагогикалык, өндүрүштүк, уюштуруучулук жана башкаруучулук маселелерди кесипкөй чечүүгө карата угуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
- окутуу технологияларын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу;
- окуу процессин камсыз кылуу үчүн ушул программага көрүнүктүү окумуштууларды жана ишмерлерди ишке тартуу ж.у.с.

3. Функциялары

ММКЖ бөлүмүнүн функцияларына төмөнкүлөр кирет:

3.1. Жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен билим берүү системасынын керектөөлөрүн канааттандыруу жана социалдык-экономикалык шарттардын өзгөрүүсүн жана адистердин алмашуусун эске алуу менен ушул деңгээлди туруктуу колдоо.

3.2. Рыноктук мамилелердин жана билим берүү кызматтарынын рыногунда атаандаштыктын курчушунун шарттарында институттун кадр саясатын ишке ашыруу жана илимий-методикалык ишин аткаруу.

3.3. Конкурс боюнча өтүү үчүн квалификацияны жогорулатууда кадр курамынын катышуусун камсз кылуу.

4. ММКЖ бөлүмүнүн окуу процессин уюштуруу

4.1.Республиканын жалпы билим берүү мектептеринин, университеттин ППС, илимий, педагогикалык кызматкерлеринин жана жумушчуларынын (көмөкчү-окутуу персоналынын) квалификациясын жогорулатуу, университеттин билим берүү ишмердигин жакшыртуунун маанилүү фактору болуп саналат жана илимдин жана техниканын, мекенибиздин жана чет өлкөлүк алдыңкы тажрыйбалардын, педагогикалык чеберчиликти жогорулатуунун тийиштүү тармактарындагы жетишкендиктер жөнүндө жаңы билимдерди алууда кызматчылардын керектөөлөрүн канааттандыруу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында жүргүзүлөт.

4.2.Квалификацияны жогорулатуу алдыңкы ЖОЖдордо, квалификацияны жогорулатуу институттарында, Кыргыз Республикасынын Кадрларынын квалификациясын жогорулатуу аймактык тармактар аралык борборлордо, кесиптик уюмдарда жана ишканаларда, чет өлкөдө жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.3.Университеттин ППС, методикалык, педагогикалык кызматкерлеринин жана башка кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу бөлүмүндө (ММКЖ) жүргүзөт.

4.4. Квалификацияны жогорулатуудан өтүү үчүн мекемени тандоо, кызматкердин квалификациясын жана ээлеген кызматын эске алуу менен бөлүмдүн жетекчиси тарабынан аныкталат.

4.5. Квалификацияны жогорулатуу зарылдыгына жараша өткөрүлөт, ал эми ППС, педагогикалык кызматкерлер үчүн 5 жылда бир жолудан кем эмес төмөнкү формаларда өткөрүлөт:

- ишмердиктин тийиштүү багыты боюнча квалификацияны жогорулатуу курстары;
- башка тараптын ишканаларында жана уюмдарында стажировкалар;
- тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын ишине катышуу.

4.6. Квалификацияны жогорулатуу жумушту үзгүлтүккө учуратпай, жумуштун жарым-жартылай үзгүлтүгү менен, жумушту үзгүлтүккө учуратпастан жана окутуунун жекече графиги боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

4.7. Квалификацияны жогорулатууну каржылоо, А.Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун бюджеттен тышкаркы каражаттарынын эсебинен, угуучулардан тартылган каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

4.8. Квалификацияны жогорулатуу окутуунун төмөнкү түрлөрүн камтыйт:

- кыска мөөнөттүү (72 саттан кем эмес) тематикалык окутуу, ал негизги жумуштун жери боюнча ишканаларда жана уюмдарда жүргүзүлөт жана тийиштүү контролдоо иш-чарасы (экзамен, зачет ж.у.с.) тапшырылгандан кийин аяктайт;
- педагогикалык-психологиялык жана социалдык-экономикалык башка тармактык, аймактык, уюмдук жана башка деңгээлде жаралган көйгөйлөр боюнча тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын сериясы (72 саатка чейин) жана башкалар.

Сааттардын көлөмү көрсөтүлгөн ченемдерден аз болушу мүмкүн, эгерде, квалификацияны жогорулатуу бир багыттын алкагында жана убакытты эсептөө топтоо принциби боюнча жүргүзүлөт.

4.9.Квалификацияны жогорулатуунун жыйынтыктары боюнча бекитилген үлгүдөгү документтер берилет:

- квалификацияны жогорулатуу жөнүндө сертификаты - 72 сааттка чейинки көлөмдөгү программалар боюнча тематикалык жана көйгөйлүү семинарлардын ишине катышкан мөөнөттүү окуудан өткөн жактар үчүн;

4.10. Илимий - методикалык, педагогикалык жумушчулардын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун жыйынтыгы болуп, окуу процессинде алынган билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү пайдалануу болуп саналат:

4.11. Квалификацияны жогорулатуунун натыйжалуулугуна түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси контролдоо жүргүзөт.

5. Квалификацияны жогорулатуудан өтүүлөрдү уюштуруу

5.1 ППС, педагогикалык, илимий-методикалык жана башка кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иши, А. Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун ММКЖ бөлүмү уюштурат.

5.2. Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуунун мөөнөттөрү жана формалары, билим берүү программаларынын татаалдыгына жараша жана университеттин керектөөлөрүнө ылайык А.Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун бөлүмдүн жетекчиси тарабынан түзүлөт.

5.3. Бөлүмдүн жетекчилери өзүнүн кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга жөнөтүү үчүн жоопкерчиликте болушат.

5.4. ММКЖ бөлүмү А. Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУ мектеп мугалимдеринин угуучуларын кызматчыларын курска кабыл алуу А. Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.

- КЖнын катышуучусу жөнүндө бекитилген формадагы маалыматтарды;
- А.Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун бухгалтериясы менен макулдашылган, КЖга карата чыгымдардын болжолдуу сметасын.

5.5. А.Ж. Мырсабеков ат. ОшМПУнун ММКЖ базасындагы КЖ программаларын ишке ашыруу үчүн документтердин төмөнкү комплектиси кафедраларлар менен биргеликте түзүлөт:

- КЖ программалары жана КЖ артыкчылыктуу багыттарынын тийиштүү программаларынын *окуу-тематикалык планы;*
- КЖ сабактарын өткөрүү *расписаниеси;*
- КЖ билим берүү программалары боюнча окутууга угуучуларды өткөрүү жөнүндө *буйрук;*
- угуучулар кесиптик чеберчилигин белгиленген мөөнөттө толук өтүп бүткөндөн кийин сертификат берүү жөнүндө *буйрук;*

5.6. КЖга карата өтүнмө (арыз), КЖга өтүүгө карата бекитилген мөөнөттүн алкагында берилиши керек.

6. Каржылоо

Лекторлордун эмгек акысы, "Бюджеттик каржылоодогу мекемелерде, уюмдарда жана ишканаларда окуу сабактарын өтүүгө тартыла турган кызматкерлердин эмгек акысынын шарттарын жана бир сатттык эмгек акы чендерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 27-январындагы №30 токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-сентябрындагы №529 токтомуна ылайык түзүлөт. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга карата тартыла турган окутуучулардын эмгек акысы, ар жылы окутууга карата бекитиле турган мамлекеттик заказды ишке ашыруунун алкагында түзүлөт жана 1 академиялык саат үчүн 300 сомду түзөт.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНВЕРСИТЕТИ

МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ, ЖОЖГО ЧЕЙИНКИ ДАЯРДОО ЖАНА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮНҮН 2022-2023-ОКУУ ЖЫЛЫНДА АТКАРЫЛА ТУРГАН ИШТЕРИ

№	Айлар	Аткарылуучу иштер	Жооптуулар
1	Сентябрь	1. Бөлүмдүн керектүү документтерин даярдоо; 2. “Багыт” окуу борборунда ЖРТга даярданган окуучулардын тесттен көрсөткөн жыйынтыгын чыгаруу; 3. “Билгим келет” долбоорун ишке ашыруу, окуучуларды онлайн ЖРТга даярдоо;	Шербаева Ж; Исамидин к А; Абдразак к А; Атабаева А
2	Октябрь	1. Түштүк аймагындагы билим берүү жетекчилери менен кызматташуу келишимдерин түзүү; 2. Окуучуларды чейрек учурунда ЖРТга даярдоо; 3. ЖРТга даярданган окуучуларга кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү;	Шербаева Ж; Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
3	Ноябрь	1. Ош облусунун мугалимдери жана окуучулары үчүн көчмө курстарды уюштуруу; 2. Райондордо болуп жаткан мектеп директорлорунун коллегасына катышуу, бөлүм боюнча маалымат берүү 3. Мугалимдерге жаңы инновациялык блимдерди берүү, окуучуларга кесипке жана ЖРТга багыт берүү үчүн ар бир райондун усулдук кенешчиси менен онлайн жана оффлайн семинарларды уюштуруу;	Шербаева Ж; Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
4	Декабрь	1. Окуучулардын сабактарына жардамдашуу үчүн ассистент (көмөкчү) студенттерди кабыл алуу; 2. Студенттер өтүлүп жаткан сабактарга катышуу жана тажрыйба алуу;	Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А

		3. Окуучуларды чейрек учурунда ЖРТга даярдоо;	
5	Январь	1. Кышкы эс алуу күндөрү ЖРТга даярдоо; 2. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча бардык багыттарда курстарды уюштуруу;	Шербаева Ж; Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
6	Февраль	1. "Эки күндүк" программанын алкагында мектептерде окуучуларды ЖРТга даярдоо; 2. Абитуриенттер үчүн "Менин келечек кесибим" аталышында форум уюштуруу; 3. "Билгим келет" долбоору аркылуу жумасына эки жолу негизги тесттер боюнча ЖРТга даярдоо;	Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
7	Март	1. Окуучуларды чейрек учурунда ЖРТга даярдоо; ЖРТда келүүчү бардык предметтер боюнча сабактарды өтүү; 2. Баткен облусунун мугалимдери жана окуучулары үчүн көчмө курстарды уюштуруу;	Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
8	Апрель	1. ЖРТга тездетилген группа менен даярдоо 2. Жалал-Абад облусунун мугалимдери жана окуучулары үчүн көчмө курстарды уюштуруу;	Шербаева Ж; Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
9	Май	1. Бөлүм тарабынан окуучулар сынамык тесттерди тапшырып, Жогорку республикалык тестке катышууга дарядоо; 2. Баткен, Ош, Жалал-Абад облустары боюнча кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү	Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А
10	Июнь	1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча курстарды уюштуруу; 2. ЖРТни тапшырып чыккан окуучулардын жалпы жыйынтыгын анализдөө; 3. "Багыт" окуу борборунда окуган окуучулар үчүн ЖОЖдор тууралуу онлайн жана оффлайн маалымат берүү	Шербаева Ж; Исамидин у Б; Исамидин к А; Абдразак к А; Осорбек к А